УДК: 94 (47).084.2 (575.2)

*Абдурасулова Аида Джамгыровна, окутуучу*
*Ош гуманитардык-педагогикалык институту*

# КЫРГЫЗ ЖЕРГЕСИНДЕГИ СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ОРНОШУ

# УСТАНОВЛЕНИЕ СОВЕТСКОЙ ВЛАСТИ В КЫРГЫЗСКОЙ МЕСТНОСТИ

# ESTABLISHMENT OF THE SOVIET POWER IN THE KYRGYZ TERRITORY

***Аннотация:*** *Макалада Кыргыз жергесиндеги алгачкы совет бийлигинин орношунун өзгөчөлүктөрү, ошондой эле, пролетариаттар диктатурасын орнотуудагы кыргыз элинин басып өткөн кыйынчылыктары жана каталары жөнүндө сөз кылынды.*

***Аннотация:*** *Статья рассказывает об особенностях установления Советской власти в Кыргызских землях, а также о трудностях и совершенных ошибках кыргызского народа в ходе установлении диктатуры пролетариата.*

***Abstract:*** *The article tells about the peculiarities of the establishment of Soviet power in the Kyrgyz lands, as well as the difficulties and perfect mistakes of the Kyrgyz people during the establishment of the dictatorship of the proletariat.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Совет бийлиги, күрөш, жумушчулар, революциячыл уюмдар, большевикер, жергиликтүү калк, аскерлер, пролетариат диктатурасы*

***Ключевые слова:*** *Советская власть, борьба, рабочие, революционные организации, большевики, местное население, солдаты, диктатура пролетариата.*

***Key words:*** *Soviet power, struggle, workers, revolutionary organizations, the Bolsheviks, the local population, soldiers, the dictatorship of the proletariat.*

Учурдагы илимий тарыхый адабияттар тастыктап аткандай, 1917-жылдын 25-октябрында (7-ноябрь) большевиктердин жетекчилиги астында көтөрүлүшкө чыгышкан Петрограддын (азыркы Санкт-Петербург) жумушчулары, солдаттар жана матростору Убактылуу өкмөттү бийликтен кулатып, Совет бийлигин орнотууга үлгүрүшкөн. Советтердин Бүткүл россиялык II съезди В. И. Ленин башында турган жумушчу-дыйкандардын биринчи өкмөтү Эл Комиссарлар Советин шайлаган. Ушул мезгилден тартып, большевиктердин партиясы башкаруучу партияга айланган. Бул съездде тынчтык жана жер жөнүндөгү маселелер каралып, эки маселе боюнча Совет мамлекетинин алгачкы декреттери (закондору) кабыл алынган. Тынчтык жөнүндөгү декрет боюнча жалпы демократиялык тынчтык келишимин түзүү программасы иштелип чыккан. Жер жөнүндөгү декрет боюнча Россияда жашаган көп миллиондогон элдин мүдөөсүнө ылайык жерге болгон помещиктердин менчиги жоюлуп, аны мамлекеттин байлыгы катары дыйкандарга пайдалануу үчүн бекер берүү чечилген.

Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу өтө кыйын жана өзгөчө шарттарда жүргүзүлгөн. Өндүргүч күчтөрдүн начарлыгы, өнөр жай пролетариатынын аз санда болушу, большевиктер партиясынын таасиринин аздыгы, колониялык саясаттын натыйжасындагы кыргыздар менен орустардын ортосундагы кастык мамиле жаңы бийликтин орношуна тескери таасирин тийгизген [ 2.-142].

Кыргыз жергесинде совет бийлигин биринчилерден болуп, 1917-жылдын ноябрь айында сүлүктүлүк шахтёрлор өз руднигинде орнотушкан. Мына ушул мезгилден баштап, Самарканд облусунун Кожент уездине кирген кыргыз болуштуктарында советтик курулуш башталган. Фергана облусунда кырдаал бир аз татаалыраак болгон, анткени мында, советтердин курамында басымдуулук кылган эсер-меньшевиктер бийликтин Советтерге өтүүсүнө бир топ эле тоскоолдуктарды жаратышкан. Бирок, ошого карабастан, облустун курамында турган Кызыл-Кыя руднигинин большевиктик топту түзгөн жумушчуларынын аракети менен, ушул эле айда совет бийлиги Кызыл-Кыяда орногон. Ошондой эле, Кызыл-Кыянын большевик жумушчулары, облустун борбору Скобелев

(азыркы Фергана) шаарында Советтердин бийлигинин орношуна активдүү салым кошушкан. Ошол учурдагы Кыргызстандагы ири шаар болгон, Ош уездинин борбору Ош шаарынын солдат депутаттарынын Совети 1917-жылдын 14-декабрында бийликти өз колуна алгандыгын жарыялаган [4. – 149-150]. Мына ушул мезгилден тартып, уезддин аймагында дыйкандар депутаттарынын Советтерин түзүү иши кулач жайган. 23-декабрьда Покровское (Куршаб) селосунун дыйкандары жалпы жыйында 5 адамдан турган дыйкандар депутаттарынын Советин түзүшкөн. 1918-жылдын 3-январында Өзгөн районунда үч поселоктун: Мырза-Аки, Кара-Дыйкан жана Жылалды дыйкандарынын өкүлдөрү катышкан жалпы жыйында 7 адамдан турган дыйкандар депутаттарынын Өзгөн совети шайланган. Бир нече күндөн кийин, Ош уездинин дыйкандары тарабынан, бул мезгилге карата иштеп жаткан поселоктук жана участкалык Советтердин негизинде Ош уездинин дыйкандар депутаттарынын Бириккен Совети түзүлгөн. Ал Покровское селосунда жайгашкан. 1918-жылдын 18-январында аталган Советтин аткаруу комитети Ош шаарынын солдаттар, жумушчулар жана мусулмандар депутаттарынын Советине "Ош уездинин дыйкандары тарабынан курамына Покровское, Кара-Дыйкан, Жылалды, Заргер, Мырза-Аки, Медвежий лог поселокторунун дыйкандар депутаттарынын Советтери кирген "Ош уездинин дыйкандар депутаттарынын Бириккен совети" түзүлгөндүгүн кабарлашкан. Ошол эле учурда Ош уезддик Советиндеги большевиктердин позициясы да бекемделе баштаган [3. – 107.].

1918-жылдын 5-январында анын курамы Ош мусулман жумушчулар депутаттарынын Советинин үч өкүлү менен толукталган. Алар: Осмон Касымханов, Балта Султанов жана Юсуф Алиевдер болушкан. Ош уезддик Советине мусулман жумушчулар Советинин большевиктик маанайдагы депутаттарынын кириши менен, андгы большевиктердин таасири жогорулаган. Бир эле учурда Ош мусулмандар Совети Фергана облустук Советине жергиликтүү калктан беш өкүл шайлоого катышуу үчүн, мусулман жумушчулар уюмдарынын облустук курултайына өзүнүн делегаттарын жөнөткөн. Ошол учурда, Ош уездинин Советтерин бекемдөө жана алардын ишмердүүлүгүн андан ары өнүктүрүү, алардын иштерине жергиликтүү калктын эмгекчи массаларын кеңири тартуу үчүн, уезддик Совети эсер жана меньшевиктерден тазалоо зарылдыгы күн тартибине коюлган. Бул маселе, 1918-жылдын 17 январында, большевиктердин демилгеси менен Советтин курамын кайра шайлоо жолу аркылуу ишке ашырылган. Натыйжада Ош уезддик Советинин жетекчилигине большевиктер келип, Совет пролетариат диктатурасына айланган. Ушул эле мезгилде Фергана облусунун Анжиян, Наманган жана Скобелев уезддериндеги кыргыз райондорунда да Совет бийлиги орногон.

Ошентип, Фергана жана Самарканд облустарынын карамагындагы Кыргызстандын түштүк райондорунда совет бийлиги, анын салтанаттуу жүрүшү айларында – 1917-ж. ноябрынан – 1918-ж. февраль айы аралыгында орногон. Негизги өнөр жай борборлорунда жана уезддик борбордо совет бийлиги бекемделип калган, ал эми, айрым жерлерде, бийликтен ажырагандардын каршылык көрсөтүүсүнүн натыжасында айыгышкан күрөш жүргүзүүгө туура келген.

Ал эми, Кыргызстандын түндүк аймагында, эң алгачкылардан болуп, Совет бийлиги Таласта 1917-жылдын 16-декабрында орногон. Мында Таластын Ташкенге жана Олуя – Атага көп темир жолчу жумушчулары жакын болгондугу белгилүү роль ойногон. Бул мезгилде Кыргызстандын Талас аймагы Олуя-Ата уездинин курамында болгон.

Түндүк Кыргызстандын басымдуу бөлүгүн түзгөн Пишпек жана Пржевальск уезддеринде совет бийлиги айыгышкан күрөштүн натыйжасында орногон. Бул мезгилде (кыргыздар Кытайга качкандан кийин), аталган уезддердин калкынын негизги бөлүгүн келгин – колонизаторлор түзүшкөн. Алар большевиктердин улут жана экономикалык саясатына каршы турушкан.

Уезддин борбору Пишпек шаарында да ушундай эле абал болгон. 1917-жылдын ноябрь-декабрь айларында азык-түлүк кризисинин айынан шаарда күн сайын массалык митингдер өтүп турган. Ошондой митингдердин бири 1917-жылдын 31-декабрында Эмен

паркында өткөн. Бийликтегилер митингди өткөрбөй коюуга аябай күч сарпташкан, бирок, митинг баары-бир өткөн. Анда, большевиктердин сунушу менен кызыл кулактардан (спекулянт) конфискацияланган азык-түлүктөрдү калкка туруктуу баада сатуу маселеси каралган. Бул, митингдин катышуучуларынын басымдуу көпчүлүгүнүн большевиктердин тарабына өтүүсүн шарттаган. Ушул эле жерде, милициянын начальнигин алмаштыруу жана элдик дружинаны түзүү маселеси да каралган. Милициянын начальниги болуп, большевиктердин тарабындагы адам, ал эми, элдик дружинанын башчылыгына большевик шайланган. Ошол эле күнү, элдик дружинага өз ыктыяры менен 200 адам жазылган [5. – 155.].

Эртеси, 1918-жылдын 1-январында Пишпекте шаардык Советтин жаңы төрагасын шайлоо өткөн. Шаардык советтин имаратынын жанына чогулган, негизинен кечээги митингдин катышуучулары, ачык шайлоо өткөрүүнү талап кылышкан. Бийликтегилер элдин талабын аткарууга аргасыз болушкан. Шайлоодо эсерлер менен казак-орустардын кандидаттары өтпөй калып, Пишпек шаардык советинин төрагалыгына большевик Г. И. Швец-Базарный шайланган [5. – 155.]. Бул Пишпек шаарындагы бийлик большевиктик Советтерге өттү дегенди билдирген. Ушул эле жылдын 14-январында өткөн Пишпек уездинин дыйкандарынын уезддик курултайы, уезддеги бардык бийликти Пишпек Советине өткөндүгү жөнүндө чечим кабыл алган.

Пржевальск уездинде жана анын Нарын участкасында Совет бийлигин орнотуу мындан да татаал жана оор кырдалда жүрүп турган. Бул жараян 1918-жылдын жайына чейин созулган. Пржевальск уездиндеги келгин – кулактардын каршылыгы Верныйдан келген ири Кызыл гвардия отрядынын жардамы менен жоюлуп, совет бийлиги уездде алардын жардамынын негизинде май айында орногон. Ал эми, 1918-жылдын июнь айында Токмоктон келген 100 жоокерден турган кызыл гвардиячылардын дружинасынын жардамы менен Совет бийлиги Нарында орногон [3. – 103.].

Ошентип, 1918-жылдын жайына карата, пролетариат диктатурасынын жеңиши үчүн экономикалык да, социалдык да, саясий да өбөлгөлөр болбогон Кыргызстандын бардык аймагында Совет бийлиги кан төгүүсүз эле орногон. Мунун негизги себеби – Кыргызстандын Россия империясынын курамында болгондугу болгон. Андан сырткары, 1916-жылкы көтөрүлүштө падышачылыктан ырайымсыз жеңилүүгө дуушар болгон жана Убактылуу өкмөттөн эч кандай жардам ала албаган, региондун жергиликтүү калкы болгон кыргыздардын басымдуу бөлүгү совет бийлигин колдогон. Совет бийлигинин орношу үчүн, же ага каршы негизинен орус тилдүү калк күрөш жүргүзгөн.

Кыргызстандагы совет бийлигинин алгачкы мезгилиндеги дагы бир саясий өзгөчөлүк – большевиктик уюмдар жана партиялык комитеттер Кыргызстанда совет бийлиги орноп, большевиктер партиясы башкаруучу партия болуп калгандан кийин түзүлгөн. Андыктан, Кыргызстандын алгачкы большевиктеринин арасында, партияга өзүнүн саясий көз карашынын негизинде эмес, карьеристтик максатта өткөн адамдар да көп болгон. Кечээ эле падышалык режимге, Убактылуу өкмөткө жан дили менен берилип кызмат өтөп жүргөндөр, “Алаш” партиясынын мүчөлөрү, эсерлер, меньшевиктер жана башкалар, теги “кедей - кембагал” болгон большевиктерге айланып калышкан. Албетте, мындай адамдар өздөрүнүн жүрүм-туруму, жасаган иштери менен совет бийлигинин кадырына доо кетирип, совет бийлигине карата болгон элдин наразычылыгын күчөткөн.

Эми, жаш совет өкмөтүнүн алдына Совет бийлигин чыңдоо, жаңы, социалисттик мамлекетти куруу башкы милдет катары күн тартибине коюлган. Бул милдетти ишке ашыруу үчүн ириде, эксплуататорлордун каршылыгын жоюу жана социалисттик чарбаны “жөнгө салуу” ишинде эл массасына, дыйкандарга, майда буржуазияга, жарым пролетариаттарга жетекчилик кылуу үчүн эски мамлекеттик аппаратты жок кылып, жаңысын куруу зарыл эле. Эски башкаруу аппаратын жаңы менен алмаштыруу, “Бардык бийлик Советтерге!” деген ураандын астында турмушка ашырыла баштаган.

Ал эми, өлкөнүн Кыргызстан сыяктуу чет жакаларында кыска мөөнөттүн ичинде социалдык жана улуттук эзүүнү жоюу, улуттар аралык карама-каршылыктарды жөнгө салуу милдети да турган.

Кыргызстанда, өлкөнүн башка аймактарындагыдай эле, бардык сословиелер жана наамдар жоюлган. Чиркөө менен жергиликтүү дин уюмдары (мусулман дининин ) мамлекеттен, мектеп – динден бөлүнгөн. Бардык улуттардын аялдары саясий, коомдук жана чарбалык турмушта эркекетер менен бирдей укукка ээ болушкан.

**Адабияттар:**


1. Асанканов А. А., Осмонов О.Дж. История Кыргызстана (С древнейших времен до наших дней). Учебник для вузов. – Б., 2002;
2. Досбол Нур уулу Кыргызстан тарыхы. – Б., 2009;
3. История Киргизской ССР. В 2-х томах. Т.2., кн.1. – Фрунзе, - 1968;
4. Курманов З.К. Политическая борьба в Кыргызстане: 20-годы. – Б., 1997;
5. Победа Октябрьской революции в Киргизии 1917-1918. Сб. док. – Фрунзе, - 1977;
6. Триумфальное шествие Советской власти: Док. и материалы. В 2-х частях. Ч.II. – М., 1963;
7. Чоротегин Т.К., Молдокасымов К.С. Кыргыздардын жана Кыргызстандын кыскача тарыхы (Байыркы замандан тартып, бүгүнкү күнгө чейин): Тарыхты окуп үйрөнүүчүлөр үчүн. – Б., 2000. – б.108.
8. Чотонов У., Досбол Нур уулу. История Кыргызстана в XX веке. – Б., 1998.